**ФИЗИКА ВАРИАНТ 5 11 КЛАСС**
**ОКУТУУ КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МЕКТЕПТЕР ҮЧҮН**

**№ 1.** Ампер күчүнүн багытын көрсөткүлө (сүрөттү кара)
а) күчтүн багыты токтун багыты менен дал келет
б) ылдый в) өйдө г) ары




**№ 2.** Ленцтин эрежеси аныктайт:
а) индукциялык ток, аны пайда кылган себепти өзүнүн талаасы менен күчөтүүгө багытталган.
б) индукциялык ток негизги токко карама-каршы багытталат.
в) индукциялык ток негизги ток багытталган тарапка багытталат.
г) индукциялык ток, аны пайда кылган себепти өзүнүн талаасы менен азайтууга багытталган.

**№ 3.** Эркин электромагниттик толкундар ... пайда болот
а) өзгөрүлмөлүү магнит талаасында индуктивдүүлүк катушкасын жайгаштырып, термелүү контурунда термелүүнүн пайда кылганда
б) индуктивдүүлүк катушкасы аркылуу конденсатордун разряддалышында
в) кичине активдүү каршылык аркылуу конденсатордун разряддалышында
г) сырткы э.к.к. аркылуу конденсатордун мезгилдүү заряддалышында

**№ 4.** Өзгөрүлмөлүү мезгилдүү чыңалуунун амплитудалык мааниси $2\sqrt{2}$ В го барабар болсо, анда анын аракеттүү маанисин тапкыла.
а) $\sqrt{2}$ В б) 2 В в)1,8 В г) 1 В

**№ 5.** Электромагниттик өз ара аракеттенишүүнүн вакуумда таралуу ылдамдыгы канча?
а) 300000 см/с б) 30000 м/с в) 20000 км/с г) 300000 км/с

**№ 6.** Фотоэффект кубулушу деген эмне?
а) Түшкөн жарыктын таасири астында нерселердин нурданышы.
б) Электрондордун бомбалоосунун таасири астында катуу нерселердин нурдануусу.
в) Жеңил атомдору бар зат аркылуу рентген нурлары өткөндө, алардын толкун узундугунун өзгөрүшү.
г) Жарыктын таасири астында заттын электрондорду учуруп чыгарышы.

**№ 7.** Атомдордун ядросу өтө бекемби?
а) Бекем, себеби алардын ортосунда гравитациялык тартышуу күчтөрү аракет этет.
б) Бекем, себеби алар ядролук күчтөр менен тартылышып турушат.
в) Бекем эмес, себеби алардын ортосунда электростатикалык түртүшүү күчтөрү аракет этет.
г) Бекем, себеби электрондук оболочка менен кармалып турат.

**№ 8.** Элементардык заряд бирдигинде β– бөлүкчөсүнүн заряды эмнеге барабар?
а) –1 б) –2 в) 0 г) 1

**№ 9.** Суутектин $^{1}_{1}H$ атомунун ядросунун составын аныктагыла
а) 0p + 1n б) 1p + 1n в) 1p + 2n г) 1p + 0n

**№ 10.** Туура жообун тапкыла: Салыштырма байланыш энергиясы деген эмне?
а) бир протонго туура келген энергия
б) атомдогу электрондун энергиясы
в) бир нейтронго туура келген энергия
г) бир нуклонго туура келген энергия

**№ 11.** $I_1$ тогу бар өткөргүчтүн магнит талаасы тарабынан $I_2$ тогу бар өткөргүчкө таасир эткен күчтүн багытын тапкыла (сүрөттү кара) Токтор өз ара кандайча аракет этишет?
а) күч ылдый багытталган, токтор түртүлүшөт
б) күч өйдө багытталган, токтор түртүлүшөт
в) күч өйдө багытталган, токтор тартылышат
г) күч ары багытталган, токтор өз ара аракет этишпейт




**№ 12.** Төмөнкү СИ системасы үчүн келтирилген электромагниттик чоңдуктардын бирдиктеринин кайсылары туура?
1. 1Гн=1В·с/А; 2. 1Гн=1Вб/А; 3. 1Тл=1Н/м·А;
4. 1Вб=1Тл·м$^2$; 5. 1Кл=1А·С;
а) 1,2 б) 1,2,3,4,5 в) 1,2,3 г) 2,3

**№ 13.** Магнит талаасынын энергиясы 2 эсе азайганда контурдагы токтун күчү кандай өзгөрөт?
а) 4 эсе азаят б) 2 эсе көбөйөт в) 2 эсе азаят г) $\sqrt{2}$ эсе азаят

**№ 14.** Сыйымдуулугу 16 мкФ болгон конденсатордун сыйымдуулук каршылыгы 5 кОм болгон учурдагы циклдик жыштыкты тапкыла.

а) 10,5 $с^{-1}$ б) 1 $с^{-1}$ в) 5 $с^{-1}$ г) 12,5 $с^{-1}$

**№ 15.** Суутектин атомун иондоштурууга 13,6 эВ энергия талап кылынат. Иондоштурууну пайда кылуучу нурлануунун жыштыгын тапкыла.

а) $3,28\cdot10^{15}$ Гц б) $2,2\cdot10^{15}$ Гц в) $4\cdot10^{15}$ Гц г) $5\cdot10^{15}$ Гц

**№ 16.** α– ажыроо учурундагы жылышуу эрежесин көрсөткүлө.

а) ${}^{A}_{Z}X \rightarrow {}^{A-4}_{Z-2}Y + {}^{4}_{2}He$ б) ${}^{A}_{Z}X \rightarrow {}^{A}_{Z+1}Y + {}^{0}_{-1}e$

в) ${}^{A}_{Z}X \rightarrow {}^{A}_{Z-1}Y + {}^{0}_{1}e$ г) $N = N_0 \cdot 2^{-\frac{t}{T}}$

**№ 17.** Кыймылдагы телонун релятивисттик узундугунун азайышы кандай кыймыл ылдамдыгында 20% ке барабар болот?

а) 0,5·С м/с б) 0,6·С м/с в) 0,4·С м/с г) 0,7·С м/с

**№ 18.** Эгерде 1 сутканын ичинде 1 млн атомдон 17500 атом ажыраса, радондун жарым ажыроо мезгилин аныктагыла.

а) $3.4\cdot10^{6}$ б) $3,6\cdot10^{3}$ в) $3,8\cdot10^{5}$ г) $3\cdot10^{5}$

**2, 3-бөлүмдөрдө тест тапшырмалар жок.**

**4-бөлүм/Тест тапшырмалардын саны -2**

*Бул бөлүм* ***кыска жооптуу*** *тапшырмалардан турат. Жообу – 0 дон 9999га чейинки бүтүн сан. Жоопту атайын берилген чакмактарга (бир чакмакка бир гана сан) жазыңыз. Эгерде жоопто бөлчөк сан чыкса, анда бүтүнгө чейин тегеректегиле.*

**№ 4.1.** 20 оромдон турган катушкада 2 мс убакыт ичинде магнит агымы 8 мВб чоңдугунан 10 мВб ге чейин чоңойду. Катушкада пайда болгон индукциянын электр кыймылдаткыч күчүн тапкыла.

**Чыгаруу:**

Жообу:

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

**№ 4.2**. 500 мкм толкун узундуктагы жарыкты колдонуп 1 мм де 500 сызыкка ээ болгон дифракциялык торчо аркылуу, кандай катардагы спектрди көрүүгө болот?

**Чыгаруу:**

Жообу:

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

**ТЕСТТИН АЯГЫ**

**Баалоо критерийи:**

**1. №1-№ 8 -** тапшырмалардын туура жообуна, ар бири үчүн – 1 балл берилет.

**2. №4.1, №4.2 -** тапшырмалардын туура жообуна, ар бири үчүн – 2 балл берилет. Жалпы -22 балл.

**3. Таблица** боюнча баллдарды “баага” айландырабыз:

| Баа | "2" | "3" | "4" | "5" |
|---|---|---|---|---|
| **Жооптор баал менен** | 0-9 баал | 10-12 баал | 13-16 баал | 17-22 баал |